# КЫЗ УЗАТУУ

**Сөзү: Мөөркан Мамыркулованыкы**

**Обону: Адылбек Кыязовдуку**

**Үйүмдөн чыкты тун кызым,**

**Бактылуу турмуш кур кызым.**

**Ак бата берип узаттык,**

**Аздектеп дайым жур кызым.**

**Батасын алып элимдин,**

**Бактылуу өмүр сүр кызым.**

**Ата-эненин акылын,**

**Ар дайым эске тут кызым.**

**Алпештеп сени чонойттук,**

**Бактылуу турмуш күт кызым.**

**Көп балалуу болгула,**

**Кудалар жакка кут кылсын.**

**Алдыңдан тосот ардагың,**

**Көңүлү толкуп жайдары.**

**Көтөргөн кызыл гүлдөрү,**

**Көрк берет тойго ансайын.**

**Көрүндүк күйөө жолдоштон,**

**Жеңелер күтөт алганы.**

**Келгиле курдаш кубанып,**

**Кызды узатып алалы.**

**Алакан жайып ак бата,**

**Ортобузга салалы.**

**Сүйүүгө сүйүү уланып,**

**Байсалдуу болсун аягы.**

**Кайырма :**

**Кана эл-журт турбайлы,**

**Кыз тоюнда жыргайлы.**

**Кыз узатуу нарк экен,**

**Кыргызымдын салты экен.**

**Жакшы чыкса уул-кызы,**

**Ата-эненин баркы экен.**